| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУ<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП |
|---|---|---|

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 28-февралы **№35** Түп айылы

**Түп айыл аймагынын 2025- жылдын 1-январына бош калган акча каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2.2.-пунктунун негизинде жана Түп айылдык кеңешинин бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын жана Түп айыл өкмөтүнүн башчысынын долбоорун угуп жана талкуулап, Түп айылдык кеңешинин XXIX - чакырылышынын кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагынын 2024-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинен 2025- жылдын 1-январына бош калган акча каражаттары төмөнкүдөй бөлүштүрүлсүн:

**2025-жылга карата подрядчиктерге болгон карыз, калдык:**

- “Би Корпорейшн” ЖЧКна Түп айылындагы үстү жабык кичи футбол аянтчасынын ПСДнын бүткөрүүгө - **105 200 сом,**
- “Тянь Шань Инвест Строй” ЖЧКна Түп айылындагы үстү жабык кичи футбол аянтчасынын (курулушу аяктаган учурда) бүткөрүүгө - **500 000 сом**
- “Электро Визард” Түп айылындагы борбордук көчөлөрдү жакшыртууга (түнкү жарыктантыруу столбаларын алмаштырууга ж.б. жумуштарына ) – **1 500 000 сом**

**Сунушталган багыттарга:**

- Түп айылдык аймагында жайгашкан (Түп,Шаты,Бирлик) 4-мектепке, 2-бала бакчаларга ар бирине 2-даанадан атайын видеокөзөмөл орнотууга -12 камера*137500 сомдон, баардыгы – **822 000 сом**

- Ак сакалдар сотунун мүчөлөрүнө материалдык колдоо ирээтинде эмгек акы - **86 000 сом,**
- Түп айыл өкмөтүнүн алдында уюшулган Түп МКТЧна келе турчу атайын адистештирилген техникалардын 2 айдоочусуна жана кичи автобустардын 2 айдоочусуна 10 айга каралуучу эмгек маянасына - **600 000 сом.**
- Түп айылынын квартал башчыларына эмгек акысына - **180 000 сомду**
- Түп айыл өкмөтүнүн алдында уюшулган Түп МКТЧна атайын адистештирилген атайын техникалардын (поливоуборочная машина и телескопичка) кызматтарын төлөп берүүгө - **400 000 сом**
- Түп райондук архитектура башкармалыгына Түп айыл аймагында салына турчу чоң курулуш объектилеринин тиешелүү курулуш иш кагаздарына (ПСД) жана тиешелүү иш кагаздарын даярдап бүткөрүүгө - **866 400 сом**
- Бирлик айылынын трансформатор алууга - **380 000 сом**
- Айылдык кеңешке микрофондорду алууга - **500 000** сом

- Алыскы жайыттарга көчө турган малчыларга күйүүчү май менен жардам берүүгө - **30 000** сом
- Түп айылындагы 3 саатык бала бакчага оюнчуктарды алып берүүгө – **20 000** сом.
- Түп айылындагы социалдык мекемелер жайгашкан көчөлөргө кум-шагыл төшөп түздөө жумуштарына **- 800 000 сом**

**Баардыгы: 6 789 600 (алты миллион жети жүз сексен тогуз миң алты жүз ) сом**

2. Бул токтомдун ишке ашыруу жагы Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Э.Джузеновго, көзөмөлдөө жагы Түп айылдык кеңешинин бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**